**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

__________________№ ____

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Буллинг жана кибербуллингдин алдын алуу жөнүндө

Окуучулардын билимин жана ден соолугун, алардын социалдык жана психологиялык бакубаттуулугун коргоо, оодуктаган факторлорду жана мобилдүү түзүлүштөр менен байланышкан көйгөйлөрдүн алдын алуу, академиялык чөйрөнү колдоо, буллингдин бардык түрлөрүнө жана кибербуллингге, жол берилгис контентке каршы күрөшүү, бейпил жана коопсуз билим берүү процессин камсыз кылуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары – Министрлик) бардык түзүмдөрүнүн башчылары (департамент, башкармалык, бөлүмдөр ж.б.):

- менчигинин түрүнө карабастан бардык билим берүү уюмдарынын жетекчилерине ушул буйрукту тааныштырсын жана аткарууга алсын;
- буйруктун аткарылышы боюнча маалыматты ар квартал сайын электрондук документ жүгүртүү системасы (СЭД) аркылуу жана a_l_t_y_n@mail.ru электрондук дарегине жөнөтсүн.

2. Кыргыз билим берүү академиясы:

- буллингдин жана кибербуллингдин (синий кит, кводробер, Counter-Strike, GTA, World of Warcraft ж.б.) алдын алуу иштерин натыйжалуу жүргүзүү максатында маалыматтык таркатма материал катары колдонуу үчүн мамлекеттик жана расмий тилде буклет жана окутуучулар үчүн атайын 10 слайддан көп эмес презентация иштеп чыгып, электрондук документ жүгүртүү системасы (СЭД) аркылуу, 0706131303 ватсап номуруна жана a_l_t_y_n@mail.ru электрондук дарегине 2024-жылдын 15-ноябрына чейин кароого киргизсин.

3. Билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- буллинг, кибербуллинг (синий кит, кводробер, Counter-Strike, GTA, World of Warcraft ж.б.), басмырлоонун, суициддин ж.б. терс көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында тарбиялык сааттарды системалуу түрдө өткөрсүн;
- ата-энелер жыйындарында буллингдин, кибербуллингдин тийгизген терс таасири жөнүндө жана балдардын мобилдик түзүлүштөрдү колдонууда алардын үстүнөн тыкыр көзөмөл жүргүзүп, "Үй-бүлө – тарбия

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

берүүнүн негизги институту” экендиги жөнүндө тынымсыз түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

4. Уюштуруу жана тарбиялоо иши боюнча сектору:

- буйруктун кынтыксыз аткарылышы боюнча жана аткарылбаган учурда көрүлүүчү чаралар жөнүндө алдын ала түшүндүрүү иштерин Министрликтин бардык түзүмдөрүнө (департамент, башкармалык, бөлүмдөр ж.б.) жүргүзсүн;

- буйруктун аткарылышы боюнча жалпы контроль жана координация ишин жүргүзсүн.

5. Министрликтин Маалыматтык саясат бөлүмү жана “Кут билим” медиа борбору:

- ушул буйрукту Министрликтин веб-сайтына, социалдык тармактарга, “Кут билим” гезитине жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяласын.

6. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министрдин орун басары** **М.Ү. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН